**Чүй облусунун  Кара-Балта шаарындагы №1 жалпы билим берүү орто мектебинин**

**келечектүү өнүгүү**

# ИШ-МЕРЧЕМИ

**(2021-2026-жылдар)**

## Киришүү

Кара-Балта шаарындагы №1 жалпы билим берүү орто мектеби  эки имараттан турган, өзүнө 120 жылдык тарыхты камтыйт. Эски имараты аварияльк абалда болгондуктан 2018-жылы өкмөттүн чечими менен бузулган. Азыркы учурда бир имаратты камтыйт. Улуу Ата-мекендик согуш учурунда "госпитал" кызматын аткарган. Мектептин азыркы имараты 1975-жылы курулуп, ишке берилген.

Бир кылым аралыгында Советтер Союзунун Баатыры, Советтик Флоттун Адмиралы, Академик Желябин, Политехтин ректору, Жогорку Кеңештин депутаты Данияр Усенов жана жергиликтүү бийликтин депутаттары, мектеп жетекчилери ж.б. инсандар №1 орто мектебин аякташкан.

Мектептин кубаттуулугу 754 орундуу, учурда 2004 окуучу билим алууда жана  73 мугалим эмгектенүүдө. Мектепте окутуу кыргыз жана орус тилдеринде жүргүзүлөт, кааналардын тартыштыгынан мектепке чейинки даярдоо класстары төрт сменде, 1-2-класстар 3 сменде, 3-11-класстар 2 сменде окушат. Жалпы мектеп боюнча 69 класс комплектти бар.

## Мектептин миссиясы

Кара-Балта шаарындагы №1 орто мектебинин миссиясы: ***Заманбап коомдун талабына жооп берген  билимдүү, тартиптүү жана Кыргыз элинин  маданиятын, каада-салтын терең урматтап баалаган инсанды ата-энелер менен бирдикте тарбиялоо.***

**Максаты:** Кара-Балта шаарындагы №1 орто мектебинде Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин мамлекеттик стандартынын, программасынын, предметтик стандартынын, Базистик окуу планынын негизинде жалпы орто билим берүүнү камсыз кылуу менен бирге:

- Окуу- тарбия берүү иштерин жүргүзүү;
- Инсандын ден-соолугун сактоо, чыңдоо;
- Инсандыгын камсыздоо;
- Ар тараптан өнүгүүсүнө заманбап шарт түзүү;
- Улуттук баалулуктарды урматтоого;
- Өз ордун коомдо таба билүүгө тарбиялоо.

**Багыттуулугу:** Окуу-усулдук, материалдык-техникалык мүмкүнчүлүгү талапка жооп берген, билимдүү адистер менен камсыз болгон, жалпы билим берүүнүн үлгүсүн ишке ашырып, окутуунун заманбап технологияларын колдонгон, талдоо, мониторинг жүргүзүүнүн ыңгайлуулугуна жетишкен, коммуникативдүү, өз оюн эркин айта алган, чыгармачыл, инновациялык иш жөндөмү өрчүгөн турмушта, эмгек рыногунда иштеп, жашап кете алган, атаандаштыкка жөндөмдүү инсандарды тарбиялап чыккан билим берүүнү камсыздоо.

## Талдоо, иликтөө багыты:

| S | W |
| --- | --- |
| ✓ Мектептин 85% жогорку билимдүү кадрлар менен камсыз болгон<br>✓ Мектептин 55% өз билимин өркүндөтүү боюнча курстардан өтүштү<br>✓ Мектепте жаш кадрлар 10% түзөт<br>✓ Ата-энелер мектепте 50%ке көп тартылды<br>✓ Даярдоо классынын ата-энелери мектеп менен тыгыз байланышта<br>✓ Мектеп күн сайын алга жылууга кадам жасайт<br>✓ Райондук деңгээлде социологдордун, организаторлордун семинарлары өтүлдү<br>✓ Аймактык олимпиада, директорлордун семинарлары өтүлдү<br>✓ Мектепте көгүлтүр от менен жылытуу системасы жакшы жолго коюлган<br>✓ Мектеп айланасы көрктөндүрүлдү 25 арча отургузулду. Мектептин айланасы темир штакетник менен бекитилген<br>✓ 2021-ж. ВПП ООН программасы тарабынан мектептин ашканасында оңдоп түзөөлөр жүргүзүлүп, заманбап жабдуулар менен жабдылган<br>✓ Билим берүү министрлигинин каржылоосу менен 3 ноутбук 2 телевизор алынды<br>✓ Корея Республикасынын колдоосу менен 2 смарт телевизор алынган<br>✓ 2020-2021-окуу жылында “Камкорчулар кеңешинин” жардамы алдында окуу кааналарына 27 смарт телевизорлор коюлду<br>✓ 2021-ж. “Камкорчулар кеңешинин” каржылоосунда мектептин сырты толугу менен акталган<br>✓ 2017-2012-окуу жылдар аралыгында ата-энелердин демөөрчүлүгү менен метод кабинети, организатордун, соц.педагогдун кааналары жаңы эмеректер менен жаңыртылды<br>✓ Мектеп коридорлорунун банерлери которулган<br>✓ 2022-жылы мектептин кире беришинин чатырын алмаштыруу үчүн жергиликтүү бийлик тарабынан сметалар бекилди<br>✓ Ийримдердин иштеринин натыйжалуулугу артууда<br>✓ “Манас таануу” райондук интеллектуалдык таймашта 8-10-класстын окуучулары 3-оунду багынтышты<br>✓ Өзгөрүүлөргө туура баа берүү<br>✓ Окуучулардын 100% мектепке тартуу, сабакка болгон кызыгуусун арттыруу | ✓ Ата-энелердин жоопкерчилигинин аздыгы<br>✓ Мектептеги аткарылган иш-чаралардын газета, журналдарга аз чыгышы<br>✓ Материалдык-техникалык базанын аздыгы<br>✓ Компьтерлердин эскилиги<br>✓ Аз камсыз болгон үй-бүлөдөгү балдардын социалдык абалы<br>✓ Күзгү, жазгы жумуштаручурунда ата-энелердин балдарынын окуусу үчүн тоскоолдугу<br>✓ Баланын талантына ата-эненин кайдыгерлиги<br>✓ Таланттуу балдар менен иштөөдө алардын жөндөм, шыгына жараша өнөркананын жана музыкалык аспаптардын жоктугу |
| O | T |

**Сапаттуу билим, татыктуу тарбия берүү, анда баалоонун алгылыктуу усулдарын колдонуу,кайтарым байланышка жетишүү багыты:**

| № | Иш-чаралар | мөөнөт | жооптуу | ресурстар | өнөктөштөр | күтүлүүчү натыйжа | ийгиликтин критерийлери |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Окуучулар үчүн сапаттуу билим алууга жагымдуу окутуу чөйрөсүн түзүү | жыл бою<br>2021-2022-ж. | Жооптуу мугалим | Окуу куралдары, ОТКлар | Окуучулар, ата-энелер, коомчулук | Окууга болгон кызыгуу артат | Билим сапаты жогорулайт |
| 2 | Предметтик стандарттар боюнча окутууну ишке ашыруу | жыл бою | Ар бир мугалим | Интерактивдүү доска, тех.каражат | Ата-эне, коомчулук | Коммуникативдүүлүк артат | Компетенттүүлүктү үйрөнөт |
| 3 | Формативдик, суммативдик баалоонун негизинде кайтарым байланышка жетишүү, электрондук баалоолор | жыл бою<br>2021-2022-ж. | Ар бир мугалим | Портфолиолор, иш- кагазадар, баалоонун түрлөрү, ноутбуктар | Окуучу, мугалим, ата-эне | Кызыгуу артат, өзүн-өзү баалай алат, компьютерлер менен эркин иштейт | Кайтарым байланыш артат, байланыш чөйрөсү кеңейет |
| 4 | Ийримдердин сапаттуу өтүлүшү, лабораториялык сааттар үчүн толук шарттардын түзүлүшү | дайыма | Ийримдерге бөлүнгөн мугалим | Кеңсе буюмдары, лабораториялык иштер, портфолиолор | Окуучу, мугалим, ата-эне | Өз алдынча изденүүсү, кесипке багыт алуусу артат | Кесипке багыт алат, изденүүчүлүгү, кыялдануусу өнүгөт |
| 5 | Мектепте компьютердик класстарды көбөйтүү, жаңы компьютер менен камсыз кылуу, интернет булактарына кирүү | 2021-<br>2026-жж. | Администрация, донорлор, мугалим | Компьютердик класс, окуучу, мугалим | Ата-эне, донорлор | Дүйнөлүк билим булактары менен камсыз болот | Өнүккөн инсан калыптанат |
| 6 | Электрондук доска, электрондук китепче менен иштөөгө жетишүү, онлайн режими. Олимпиададагы көрсөткүчтөрдүн сапатын арттырууга жетишүү | 2021-<br>2026-жж. | Пред.мугалим, окуучу, ата-эне | Тесттер, мониторингдер, электрондук китепчелер | Жумушчу топ | Окуучу билим булактары менен камсыз болот | Өнүккөн инсан калыптанат |

**Улуттук, руханий баалуулуктарды окуучулардын жан дүйнөсүнө сиңирүү, мекенчилдикке тарбиялоо багыты:**

| № | Аткарылууч иштердин мазмуну | мөөнөтү | жооптуу |
|---|---|---|---|
| 1 | "Манас" эпосунун баалуулуктарын, кыргыз элинин каада-салт, үрп-адаттарын окуучулардын жан дүйнөлөрүнө байырлатуу | Жыл сайын | Уюштуруу иштери боюнча директордун орун басары, кыргыз тили мугалимдери |
| 2 | Улуттук каада-салтты турмушунда пайдаланууга тарбиялоо | Ар дайым | УИЖ, кыргыз тили мугалимдери |
| 3 | Намыстуу, мекенчил инсанды калыптандыруу | Ар дайым | УИЖ, АЧД мугалими |
| 4 | Тарбиялык багыттагы иш-чаралардын өз учурунда өтүлүшү (класстык сааттар, тизимдер, маданий иш-чаралар) | Ар дайым | УИЖ, класс жетекчилер |
| 5 | Мектеп ичинде өзүн-өзү башкаруу уюмунун ишин өткөрүү | Ар дайым | УИЖ, дене-тарбия мугалими |
| 6 | Сергек жашоо образын кеңири жайылтуу | Ар дайым | УИЖ, класс жетекчилер |
| 7 | Окуучулардын маданиятын өстүрүү, өз ара сый-урматты камсыздоо | Ар дайым | УИЖ, класс жетекчилер |
| 8 | Мектеп ичинде ийримдердин иштерин жайылтуу иш-чаралары | Ар дайым | Музыка, дене-тарбия, информатика мугалимдери |

**Мектепте мугалимдердин кесиптик деңгээлдерин жогорулатуу, алардын чыгармачылык менен иштөөлөрүн камсыздоо багыттары**

| № | Аткарылуучу иштердин мазмуну | мөөнөтү | жооптуу |
|---|---|---|---|
| 1 | Чыгармачылык менен иштеген мугалимдердин иш тажрыйбаларын жайылтуу | 2021-2026- жж. | Карасартова А.Р. |
| 2 | Үзгүлтүксүз өз билимин өркүндөтүү | Ар дайыма | Мугалимдер |
| 3 | Жаш мугалимдерге насаатчыларды бекитип берүү | Ар дайыма | Шатенова З.М. |
| 4 | Электрондук окуу китептерин колдоно билүүгө үйрөнүү | 2021-2026- жж. | Карасартова А.Р. |
| 5 | Окуу усулдук иштемелмелери , автордук программаларды жазуу | 2021-2026- жж. | УБ жетекчилери |
| 6 | Мугалимдерге социалдык жактан жардам көрсөтүү | Өз учурунда | Администрация |
| 7 | Мугалимдерге адистик даярдыктарын жогорулатуу иш-чаралары | Өз учурунда | Администрация |
| 8 | Аттестациялык иш-чараларды жүргүзүү | Өз учурунда | Администрация |
| 9 | Мугалимдердин эмгектерин баалоо жана сыйлоо иш-чаралары | Өз учурунда | Администрация, УБ жетекчилери |
| 10 | Мектепте кесипкөй жаш адистерди тартуу иш-чаралары | Максатка ылайык | Администрация |

**Коомчулук, ата-энелер, демөөрчүлөр менен өнөктөштүкиш-чараларынын багыты**

| № | Аткарылуучу иштердин мазмуну | мөөнөтү | жооптуу |
|---|---|---|---|
| 1 | Демөөрчүлөрдү тартуу | Ар дайыма | Администрация, жергиликтүү бийлик, ата-энелер комитети |
| 2 | Эл аралык уюмдар менен алака түзүү, долбоорлорду иштеп чыгуу жана аларды жүзөгө ашыруу | Өз учурунда | Администрация, жергиликтүү бийлик, демилгечилер |
| 3 | Ата-энелер менен мектептин кызматташтыгын арттыруу | Ар дайыма | Администрацция, класс жетекчилер |
| 4 | Камкорчулар кеңешинин ишин жандандыруу, маалыматтык кызматташтыкты натыйжалуу уюштуруу | Ар дайыма | Администрация |
| 5 | Ата-энелер комитетинин мектеп менен байланышын чыңдоо | Ар дайыма | Администрация |
| 6 | Мектептин ар кыл жылдардагы бүтүрүүчүлөрү менен максаттуу иштерди алып баруу | Өз учурунда | Администрация |

**Мектептин инфраструкурасын жакшыртуу, материалдык-техникалык базасын чыңдоо багытындагы иш-чаралар:**

| № | Аткарылуучу иштердин мазмуну | мөөнөтү | жоопту у |
|---|---|---|---|
| 1 | Кабинеттерди жакшыртуу, жабдуу, жашылдандыруу, МТБ чыңдоо | 2021-2026- жж. | Администрацция, класс жетекчилер |
| 2 | Мектеп айланасын оңдоп-түзөө иштери | 2021-2026- жж. | Администрацция |
| 3 | Мектепте электрондук көзөмөл орнотууну улантуу | 2021-2026- жж. | Администрацция |
| 4 | Информатика каанасын жаңы муундагы компьютер ж.б. каражаттар менен толуктоо | 2021-2026- жж. | Администрацция |
| 5 | Мектептин агымдагы оңдоо иштерин сапаттуу жүргүзүүнү камсыздоо | 2021-2026- жж. | Директор, мектеп жамааты |
| 6 | Электрондук күндөлүк, журнал менен иштөөнү улантуу | 2021-2026- жж. | Администрацция |
| 7 | Мектептин өздүк чарбасын түзүү | 2021-2026- жж. | Администрацция |
| 8 | Мектепте окуу иштерин жаңылоо | 2021-2026- жж. | Администрацция, донорлор |
| 9 | Мектепке жаңы кошумча имаратын салуу | Өз учурунда | Администрацция, жергиликтүү бийлик |

## Мектептин келечектүү өнүктүрүүсүнүн календардык иш-мерчеми:

| Максаты | № | Аткарылуучу иштердин мазмуну | мөөнөтү | жооптуу |
|---|---|---|---|---|
| Мектептин нормативдик укуктук базасын жакшыртуу | 1 | Кызматкерлердин кызматтык инструкциялары менен тааныштыруу | Сентябрь, ар жыл сайын | Директор |
| | 2 | Саттардын туура бөлүштүрүлүшү, мугалимдердин жайгатырылышы | Сентябрь, ар жыл сайын | Директор |
| | 3 | Окуучулардын август, сетябрь каттоосу, мектеп отчету | Сентябрь, ар жыл сайын | Директор |
| | 4 | Уставка өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду киргизүү | Сентябрь, ар жыл сайын | Директор |
| Мектептин билим берүүсүн жакшыртуу | 5 | Усулдук бирикмелерди түзүү, алардын жетекчилерин дайындап, иш-мерчемдерин кароо | Сентябрь, ар жыл сайын | ОТИ боюнча директодун орун басары. |
| | 6 | Окуучулардын окууга болгон кызыгуусун арттыруунун иш-чаралары | Жыл аралыгында | Пред.мугалимдер,УБ башчылары. |
| | 7 | Негизги компетенттүүлүктөрдүн өздөштүрүлүүсү | Жыл аралыгында | Пред.мугалимдер, ОТИ боюнча директордун орун басары. |
| Финансылык абалы | 8 | Мугалимдердин тарификациясы, табели, стимгранттары | Сентябрь, ар жыл сайын | ОТИ боюнча директордун орун басары<br>УБ башчылары |
| Материалдык-техникалык базаны чыңдоо боюнча | 9 | Класс канаалардын, спорт аянтча жайдын, лабораториялык, практикалык кааналардын абалы. Китеп менен камсыз болуунун абалы.Компьютердик класстын жабдылышы. Китепкананнын усулдук китептер менен толукталышы. | Сентябрь, ар жыл сайын | Директор, ОТИ боюнча директордун орун басары, пред.мугалимдер, китепканачы, класс жетекчилер |
| Илимий, усулдук жактан камсыздандырылышы | 10 | Мугалимдердин иштелмелери, автордук программалары | Жыл аралыгында | Мугалимдер, ОТИ боюнча директордун орун басары |
| Окуучулар жана ата-энелер менен иш алып баруу | 11 | Ата-энелер чогулуштары<br>Ата-энелер менен байланыш анкеталары | Жыл аралыгында | Класс жетекчилер, соц.педагог, организатор |
| Адистер менен камсыз болуу | 12 | Адистер менен толук камсыз болуу, өз билимин өркүндөтүүсүн арттыруу иш-чаралары, мугалимдердин компетенттүүлүгү | Жыл аралыгында | Администрация |

## Кара-Балта шаарындагы №1 орто мектебинин 2021-2026-жылдар аралыгында келечектүү өнүгүү мерчеминин паспорту

| Программанын аталышы | Кара-Балта шаарындагы №1 орто мектебинин 2021-2026-жылдар аралыгында келечектүү өнүгүү иш-мерчеми |
|---|---|
| Программаны иштеп чыгууда пайдаланылган материалдар | • Баланын укутары боюнча конвенция<br>• КРнын конституциясы<br>• КРнын Билим берүү жөнүндөгү мыйзамы<br>• КРнын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 23-мартындагы №201-токтому<br>• Мамлекеттик билим берүү стандарты<br>• Педагогиканын негиздери<br>• Базистик окуу планы<br>• Соцпедагогдорго жардам<br>• Мектептин уставы<br>• Окуу пландары<br>• 480 сааттык программа |
| Программаны ишке ашыруунун этаптары | • 2021-2022-жж.<br>• 2022-2023-жж.<br>• 2023-2024-жж.<br>• 2024-2025-жж.<br>• 2025-2026-жж. |
| Программанын максаты | • Окуучулардын терең жана татыктуу билим-тарбия алуусуна жетишүү<br>• Таланттуу жана жөндөмдүү балдарды аныктоо<br>• Заман талаптарына, чакырыкарына даяр боло турган жаш муунду тарбиялап, өстүрүү<br>• Педагогикалык адистер менен толукталуу<br>• Мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдоо, инфраструктураны жакшыртуу, жагымдуу шарт түзүү |
| Программаны негизги милдеттери | • Туруктуу өнүгүү, жаш муундарга тарбия берүүгө шарт түзүү<br>• Мектептин ичиндеги ийримдердин иштерин жакшыртуу<br>• Окуучулардын таанып-билүү жөндөмүн арттыруу, өнүктүрүү, өз алдынча изденүүлөрүн камсыздоо<br>• Мугалимдердин усулдук деңгээлдерин көтөрүү<br>• Мугалимдердин үзгүлтүксүз билим алууларын, заман талабына шайкеш техникалык каражаттар менен камсыз болууларын шарттоо |
| Күтүлүүчү натыйжа | • Окутуу жана тарбиялоо процесси жаңы мазмунга ээ болот |